БАНК КОМПАНЬОН

VISA CLASSIC

төлөм карталары

# ИНТЕРНЕТТЕ VISA КАРТАЛАРЫН КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

Компаньон Банкынын Visa карталары аркылуу Интернет тармагындагы төлөмдөрдү өткөрүү үчүн төмөнкүлөр керек:

- Компаньон Банкындагы эсепке ээ болуу
- Visa картасын алуу
- интернет-дүкөндүн сайтына кирип, товарды/кызматты тандап, тиешелүү талааларды толтуруп, төлөө.



Интернет-төлөмдөрдүн коопсуздугун сактоо үчүн Компаньон Банкынын бардык Visa карталары **3D-Secure** кызматына автоматтык түрдө туташтырылган. 3D-Secure технологиясына АКЫСЫЗ кошулса болот! **3D-Secure** технологиясын колдоого алган сайттардан операцияларды жүргүзгөндө, картанын кармоочусу максималдуу коопсуздукту камсыздаган уникалдуу сырсөз менен ар бир транзакцияны ырастай алат. Сырсөз Банкта катталган картанын кармоочусунун мобилдик телефон номерине СМС-билдирүү катары жөнөтүлөт (**банкта мобилдик телефонуңуздун актуалдуу номери катталышы керек**).

Сатып алуу 3D-Secure технологиясы аркылуу жүргүзүлгөнүн айырмалоо үчүн интернет-дүкөндүн сайтындаVerified by Visa логотиби белгиленет:

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ:**

Карта кармоочусунун электрондук почтасынын актуалдуу дайындары, ошондой эле мобилдик телефон номери Банктын дайындар базасында катталыш керек.

**ТӨЛӨМ КАРТАСЫНДАГЫ ДАЙЫНДАРДЫН БЕЛГИСИ**







**Карта кармоочусу (card holder):** Атыңыз жана фамилияңыз транслит жана чоң тамгалар менен

**Карта номери:** 16 белгиден турган карта номери

**Картанын колдонуу мөөнөтү:** коопсуздукту кошумча текшерүү максатында көрсөтүлөт

**CVV/CVV2 коду:** 3 белгиден турган коопсуздук коду (картанын ээсине гана белгилүү)

Интернет-төлөмдү кантип өткөрсө болот:

- **3D-Secure** технологиясын колдоого алган интернет-дүкөндүн сайтына кирүү
- Ылайыктуу товарды / кызматты тандоо
- Интернет-дүкөн сураган картанын реквизиттерин киргизүү (карта кармоочусунун аты, картанын колдонуу мөөнөтү, картанын номери жана CVV/CVV2 коду)
- Картанын бардык реквизиттерин киргизгенден кийин көрсөтүлгөн терезеден операцияны ырастоо үчүн бир жолку сырсөздү сурап алыңыз. Бул сырсөздү Компаньон **СМС-билдирүү** катары Банкта катталган мобилдик телефон номерине автоматтык түрдө жөнөтөт. Сырсөз операцияны жүргүзгөн убакытта Интернет тармагында картанын реквизиттерин киргизгенден кийин жөнөтүлөт жана бир жолу гана колдонулушу мүмкүн.
- Алган сырсөздү атайын талаага киргизип, төлөмдү ырастоо. Сырсөз туура киргизилген учурда гана картаңыздан акча алынып жана сатып алуу төлөнөт. **Төлөмдү өткөргөн убакытта СМС** келбей калса, тиешелүү "Сырсөздү кайра жөнөтүү" шилтемесин басып, жаңы сырсөздү сураса болот. Жаңы сырсөз максималдуу 3 жолу суралат. Бир жолку сырсөз үч жолу туура эмес киргизилсе, сатып алууну жүргүзүүгө тыюу салынат. Картаны бөгөттөн чыгаруу үчүн Банктын бөлүмүнө кайрылыш керек.

**БИЛИП АЛУУГА МААНИЛҮҮ:**

- Эгерде Банкта жергиликтүү уюлдук байланыш оператору тейлеген (Beeline, Megacom, O!) мобилдик телефонуңуздун актуалдуу номери бар болсо гана, 3-D Secure технологиясын колдонуу мүмкүнчүлүгү берилет. Мобилдик телефон номериңизди өзгөртсөңүз, Банктын бир бөлүмүнө жазуу жүзүндө арыз менен кайрылып, өз убагында Банкка маалымат бериңиз.
- Товарлар жана кызматтар үчүн POS-терминалдар (Интернет) аркылуу нак эмес төлөмдөргө суткалык чектөө – 300 000 сом.

- Товарларга жана кызматтарга нак эмес төлөө – акысыз (бирок курстук айырма жана бөгөттөө пайда болушу мүмкүн + курстук айырмага 1%).



## ИНТЕРНЕТТЕ КАРТАНЫ КООПСУЗ КОЛДОНУУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ КЕП-КЕҢЕШТЕР

Интернетте сатып алууларга төлөө үчүн төлөм карталарды колдонгондо мүмкүндүү көйгөйлөрдөн алыс болуш үчүн, жөнөкөй коопсуздук чараларды дайыма сактап турууга керек.

- Банк алдамчылык сайттарында жүргүзүлгөн транзакциялар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Картаны Интернетте колдонгондо бардык коопсуздук чараларды сактоого кеңеш беребиз.
- Интернет тармагында операцияларды өткөргөндө интернет-дүкөн коопсуз болгонун көзөмөлдөңүз; текшерилген гана сайттардын кызматтарын пайдалангыла жана шпион-программалар орнотулган интернет-кафеден эмес, өз компьютериңизге кирип сатып алууларды жүргүзүңүз;
- Алдамчылар колдонгон карталардын реквизиттерин чыгарып алуу ыкмалардын бири “жасалма” интернет-дүкөндү түзүү болуп саналат. Бейтааныш жана Интернетте пикир табылбаган дүкөндөрдүн сайттарында картаңыз аркылуу төлөбөңүз. Алданбаш үчүн текшерилген жана ишеничтүү интернет-дүкөндөрдү гана колдонууга аракет кылыңыз. Интернет-сайттын дареги туура болгонун текшериңиз, анткени алдамчылар сайттардын окшош даректерин алып, сырткы көрүнүшү, дизайни толук бойдон өңдөш сайттарды түзүп алышы мүмкүн.
- Интернет-операцияларды коопсуз өткөрүү үчүн 3D-Secure коопсуздук технологиясын колдоого алган сайттардан төлөөгө сунуштайбыз.
- Интернеттен төлөгөндө ПИН-кодду киргизүүгө талап кылынбайт! ПИН-код банкоматтарда, терминалдарда жана башка түзмөктөрдө картаны физикалык түрдө колдонгондо жана атайын түзмөктүн – ПИН пад – клавиатуранын жардамы менен гана колдонулат. Интернет тармагында төлөө үчүн картанын атайын үч орундуу купуя шифри (тескери жагында) банктык картанын CVV/CVV2 коду бар.
- Картаңыздын толук номерин, колдонуу мөөнөтүн, ошондой эле CVV/CVV2 (картанын тескери жагында кол коюу талаасындагы үч акыркы санды) эч кимге айтпаңыз.
- Эгерде интернет-дүкөндөрдү колдонсоңуз, ал жерде картаңыз боюнча дайындар түзүлгөн профилге байланып жана кайта төлөгөндө дайындарды киргизүүгө талап кылынбаса, төлөмдү өткөргөндөн кийин өз профилиңизден милдеттүү түрдө чыгып, ID менен сырсөзүңүздү эч кимге айтпаңыз.
- Мобилдик телефон номериңиз жана электрондук дарегиңиз өзгөрүлсө, Банктын бир бөлүмүнө кайрылып, өз убагында маалымат бериңиз.
- Актуалдуу вирустук базасы болгон жакшы антивирустук программа орнотулган компьютерде гана төлөмдөрдү өткөрүңүз.
- Картанын эсебинде көп акча бар болсо, мүмкүнчүлүк болушунча Интернетте төлөө үчүн ал картаны колдонбоңуз. Эгерде картаңыздын дайындарын кибер-алдамчылар

уурдап алса, ири суммадагы акчаны жоготуп аласыз. Азыркы учурда банкка картанын дайындары уурдалганын далилдөө өтө кыйын жана көп убакытка созулган процедура болуп саналат. Картанын дайындарын ачыкка чыгаруу үчүн жоопкерчилик, биринчи иретте, картанын кармоочусу катары сизге жүктөлөт.

Эгерде банктык карта эсебиңизден кандайдыр бир санкцияланбай акча чыгарып алынганын таап алсаңыз – Банктын бир бөлүмүнө кайрылып токтоосуз маалымат бериңиз.

## ТӨЛӨМ КАРТАСЫ АРКЫЛУУ ТӨЛӨӨ ПРОЦЕССИ КАНТИП ӨТКӨРҮЛӨТ

Банктык карта аркылуу төлөө процесси дайыма эки этапта өткөрүлөт:

- Акча каражаттарынын авторизациясы (бөгөттөө)
- Каражаттарды эсептен чыгаруу

**Каражаттардын авторизациясы (бөгөттөө)**

Эгерде товарлар үчүн төлөм карта аркылуу төлөсөңүз, анда бул этапта интернет-дүкөндүн банкы картаңыздын дайындарын алат да, керектүү сумманын авторизациялоосуна сурам жөнөтүп, бул дайындарды төлөм тутуму аркылуу банкыңызга трансляциялайт. Банкыңыз төлөм картасын текшерип (колдонуу мөөнөтүн, бөгөттөөнүн болгондугун, эсептеги керектүү сумманын бардыгы), карта туура чыгып, эсепте талап кылынган сумма бар болсо, авторизацияны ырастайт. Эгерде картада кандайдыр бир бөгөттөөлөр, эсептен чыгаруу чектөөлөрү болсо же төлөгөнгө керектүү каражаттар жок болсо – банк авторизациядан баш тартат.

Эгерде авторизация ийгиликтүү өткөрүлсө, картаңыздын эсебинде төлөм суммасы бөгөттөлүп, төлөм аткарылган деп эсептелет. Картанын эсебинен иш жүзүндө акча алынбаса дагы, акчаны бөгөттөө сумманы колдоно албагандыгыңызды билдирет.

**Каражаттарды эсептен чыгаруу**

Төлөм авторизациялангандан жана каражаттар бөгөттөлгөндөн кийин 30 (отуз) күндүн ичинде, төлөөчүнүн банкы алуучунун банкынан сатып алууну аткаруу жөнүндө ырастоо алгандан кийин банктык картанын эсебинен каражаттар иш жүзүндө алынат. Бул убакытта банктар арасында иш жүзүндө өз ара эсептешүү жүргүзүлөт.

Сатып алуучу бул процесске эч катышпайт, бирок бир нече маанилүү учурларды билиш керек:

<u>Картаңыздын валютасынан айырмаланган валютада төлөө:</u> Эгерде сатып алуу картаңыздын валютасынан айырмаланган валютада жүргүзүлсө, анда валютанын конвертациясы төлөмдү өткөрүү күнүндөгү курс боюнча эмес, ал эми иш жүзүндө эсептен чыгаруу күнүндөгү курс боюнча жүргүзүлөт.